УДК: 894.2.341. (043.3)

**Мусаева Т. С.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*Кыргыз-Түрк Манас университети*

## НОРМАЛИЗАЦИЯ ЖАНА КОДИФИКАЦИЯ МАСЕЛЕСИ

**Мусаева Т. С.**
кандидат филологических наук, доцент
*Кыргызско-Турецкий университет «Манас»*

## ПРОБЛЕМА НОРМАЛИЗАЦИИ И КОДИФИКАЦИИ

**Musaeva T. S.**
Candidate of Philological Sciences,
Associate Professor
*Kyrgyz-Turkish Manas University*

## THE PROBLEM OF NORMALIZATION AND CODIFICATION

**Аннотация**. Адабий тил проблемасын аныктоонун тил илиминдеги эң орчундуу маселелеринин бири тигил же бул конкреттүү тилдеги лингвистикалык бирдиктердин ошол тилди нормалаштыруудагы, норманы кодификациялоодо карала жана аныктала турган жалпы маселелердин көлөмүн белгилөө жана аны ар бир адабий тилдин мисалында терең изилдөө болуп саналат. Бул макалада кыргыз адабий тилин нормалаштырууга жана анын кодификацияланышына байланышкан айрым жеке маселелер жөнүндө алгачкы жолу кыскача маалымат айтуу аракети көрүлөт.

**Негизги сөздөр:** кыргыз тили, улуттук адабий тил, нормалаштыруу, кодификациялоо, тилдик норма, стиль, грамматика

**Аннотация.** Одной из важнейших задач лингвистики в определении проблемы литературного языка является исследование круга общих вопросов, подлежащих рассмотрению и определению при нормализации и кодификации нормы языковых единиц конкретного языка, и углубленное ее изучение на примере каждого литературного языка. В данной статье впервые предпринята попытка дать краткую информацию о некоторых вопросах, связанных с нормализацией кыргызского литературного языка и его кодификацией.

**Ключевые слова:** кыргызский язык, национальный литературный язык, стандартизация, кодификация, языковая норма, стиль, грамматика.

**Abstract.** One of the most important tasks of linguistics in defining the problem of literary language is the study of the range of general issues subject to consideration and definition in the normalization and codification of the norm of linguistic units of a specific language, and its in-depth study using the example of each literary language. In this article, for the first time, an attempt has been made to provide brief information on some issues related to the normalization of the Kyrgyz literary language and its codification.

**Key words:** Kyrgyz language, national literary language, standardization, codification, language norm, style, grammar.

Кыргыз тилинин улуттук адабий тил катары бүгүнкү күндөгү өнүгүш жана колдонулуш абалы анын нормативдүүлүк мүмкүнчүлүгүнө объективдүү норма жана акциологиялык (субъективдик) норма өңүтүнөн мамиле кылуу зарылдыгын талап кылууда.

Нормалаштыруу түшүнүгү, илимий-теориялык адабияттарда бир эле учурда эки өңүттөн: таза тилдик, тилдин өзүнө мүнөздүү ички имманентүүлүк жана ошол тилди колдонгондордун социалдык-маданий салты, узустук идеалы менен мүнөздөлгөн тарыхый категория катары аныкталат. Мунун тилдин өзүнө мүнөздүү имманенттик объективдүү жагы тилдин система катары структурасы, структуралык мүмкүнчүлүгү, структуралык варианттуулугу менен шарттalса, анын (норманын) аксиологиялык субъективдүү жагы тилди колдонгондордун ошол объективдүү норманы, варианттарды, баалап-нарктоосу менен байланышат [7; 4].

Норманын бул өңдүү эки түрдүү табияты-маңызы, бир жагынан, тилди система

катары константтык жана варианттык структуранын конкреттүү жагдай-шартка жана тилдик дискурстук түзүлүшкө жараша реализацияланыш мүмкүнчүлүгүн, экинчи жагынан, ошол структуранын реализацияланышын коомчулуктун кабыл алуусун же четке кагуусун, "мунусу туура, мунусу туура эмес», «бул варианттан бул варианты дурус» деп тандап-тескөөсүн көрсөтөт. Нормадагы баалоочулук жана тандап-тескеп колдонуучулук тилдик структурада варианттуулуктун болушу тилдин табиятындагы законченемдүү кубулуш экендигин белгилейт. "Там, где нет возможностей выбора (варианта), нет и проблемы нормы... Проблема нормы возникает в тех случаях, когда в языковой системе имеются варианты средств обозначения "одного и того же»... С понятием языковой нормы неразрывно связано понятие вариантности языковых средств... [8: 50-51], - деп Ф.П.Филин норманын варианттуулугу жөнүндөгү маселенин туура багытта изилденишине жол көрсөтөт. Норманын варианттуулугу жөнүндөгү айтылган илимий-теориялык ушундай эле ой-пикир А. Едличка, В. А. Ицкович, В. Г. Костомаров, А. А. Леонтьев, О. И. Москальская, Н. Н. Семенюк сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде да арбын учурайт [3; 4; 1; 5; 6], б.а. бүгүнкү күндө норманын мүнөзүн, табыйат-маңызын так аныктоо үчүн варианттуулук категориясын изилдеп-иликтөөнүн маанилүү экендиги жалпы тил илиминде ачык таанылып, тилчи окумуштуулардын көпчүлүгү тарабынан кабылданган жыйынтык экендиги аныктала баштады.

Жалпыга белгилүү, ар бир адабий тилде тилдик туруктуу константтык нормативдик структуралардын, бирдиктердин реализациялары менен эле катар белгилүү бир варианттардын да кеңири колдонулушу көп кездешет. Демек, варианттуулук категориясы адабий тилди мүнөздөөдөгү өтө маанилүү белгилердин бири катары норманын өзгөчөлүгүн көрсөтөт да, анын нормаланышында жана кодификацияланышында белгилүү мааниге ээ болот.

Нормалаштыруу адабий тилдин "сырткы чегин" гана аныктабастан, нормага төп келген, нормативдүү деп эле эсептелген бир канчалаган варианттардын, реализацияланган структуралардын "ички чегин" да көрсөтөт. Анткени кандай гана адабий тилде болбосун өзүнүн негизги маанисин өзгөртпөстөн, ага кошумча маалымат бербестен эле катар, жарыша колдонулган, адабий нормага төп, шайкеш келген бирдей маанидеги (равнозначный) варианттык лексемалар, сөз формалары, синтаксистик конструкциялар менен эле бирге тигил же бул дискурста, тигил же бул жагдай-шартка жараша колдонулуу өзгөчөлүгүгү менен шартталган айрым бир кичине кошумча маалыматка, экспресивдүүлүккө ээ варианттык лексемелар, сөз формалары, конструкциялар да кездешиши, б. а. толук варианттар жана толук эмес варианттар да болушу мүмкүн. Нормадагы ушул өзгөчөлүк белгилүү бир учур, жагдай-шарт, белгилүү бир дискурстук структаралар үчүн норманын милдеттү түрдө нормаланышын жана кодификацияланышын талап кылат.

Албетте, кыргыз адабий тилинин өз жетесине, табият-маңызына мүнөздүү имманенттүү, объективдүү ички нормасы жана ага баалоочулук, нарктоочулук аркылуу сырттан таасир этүүнүн натыйжасында жаралган субъективдүү аксиологиялык нормасы белгилүү деңгээлде калыптанган жана ал нормалар милдеттендирүүчү күч, талап катары жана коомчулук аң-сезимдүүлүк менен кабылдаган үлгү катары практикада кеңири колдонулууда. Бирок ошондой болсо да айрым учурларда тигил же бул жагдай-шартта, тигил же бул мүнөздөгү дискурстарда, тексттерде нормативдүү эле варианттардын кайсынысы ушул жерге төп, шайкеш келет, кайсы варианттын нормативдүүлүгү артык, кайсы вариант ушул ойду, ушул түшүнүктү биз каалаган деңгээлде так, жеткиликтүү бере алат, кош маанилүүлүк жокпу деген сымал "баш катыруулар" кездешпей койбойт. Тил колдонулган конкреттүү чөйрө, кырдаал, жагдай-шарт үчүн тилдик нормативдик каражат-бирдиктердин эң керегин, эң ылайыктуусун тандап-тескеп таап колдоно билүү канчалык машакаттуу, канчалык оор жана ал тил колдонгондордун баарынан эле колунан келе берүүчү иш эмес экендиги да белгилүү. Бул тил колдонучунун тилдик сезимталдыгы, билим деңгээли, тилге карата мамилеси сыяктуу субъективдүү факторлор аркылуу аныкталат. Менимче, так ушул жагдай бүгүнкү күндө өзгөчө официалдуу иш кагаздардын, ченемдик-укуктук актылардын тексттерине карата болгон мамиледе ачыктан-ачык көрүнүүдө.

Кодификация деген түшүнүк тилге акыл-эс, аң-сезимдүүлүк менен таасир этүүнүн негизинде адабий тилдин нормалаштырылган мүмкүнчүлүгү дегенди билдирет. Анткени, жогору жакта белгилегендей, норма, бир жагынан, тилдик систе-

ма, структура аркылуу аныкталган объективдүү, иманенттүү норма болсо, экинчи жагынан, ошол объективдүү, иманенттүү норманын «макулдашылган», кагаз бетине түшүрүлүп "закондоштурулган", кептешүү практикабызда жалпыга милдеттүү түрдө "таңууланган" эрежелерди, көрсөтмөлөрдү, алардын ар кандай эмгектерде, грамматикаларда, сөздүктөрдө, маалымат китептеринде (справочник) чагылдырылышын, тилдик каражаттарды нормалаштырууну көрсөткөн субъективдүү норма катары түшүндүрүлөт. Кодификация – бул тилдин объективдүү иманенттүүү, табыйгый нормасы эмес, ошол норманын эреже, көрсөтмө катары, "тиги тигиндей, бул мындай" болот деген кыяздагы түшүндүрүлүшү, бекемделиши, бекитилиши, б. а. "кеңешип, макулдашылып", кагаз бетине түшүрүлгөн норма (осознанная и зафиксированная). Ал эми "эмне үчүн тигиниси тигиндей, мунусу мындай" деген маселени аныктап, талдап-чечмелөө нормалаштыруу процесси аркылуу аныкталат. Демек, кодификация – адабий тилдин объективдүү жана субъективдүү нормаларын бузбай так сактоо үчүн иштелип чыккан эреже, талаптар жана алардын тиешелүү эмгектерде берилиши, бекитилиши, тил колдонууну аныктоочу эреже, көрсөтмөлөрдүн кодекси [2].

Ушул өңүттөн чыгып адабий тилди нормалаштыруу жана кодификациялоонун жалпы мазмунунан өз ара тыгыз карым-катыш, байланыштагы үч маселени алып чыгууга болот: биринчиси – тилдик структура-бирдиктерди баалоо-нарктоо, б.а. алардын туура же туура эместигин аныктоо; экинчиси – тилдик структура-бирдиктерди тандоо-иргөө, б.а. варианттардын ичинен зарылын аныктоо; үчүнчүсү – тилдик структура-бирдиктерди норма катары кабыл алуу, бекитүү, б. а. тиешелүү эмгектерде чагылдыруу. Адабий тилдик норманын кодификациясынын тактыгы, тууралыгы, анын тилдик объективдүү табыйгый норманы так чагылдырып, дал келиши, эң алды, нормализаторлордун, норманы кодификациялоочулардын тилдик, лингвистикалык сезимталдыгына, тилдин табыйатын жетик түшүнө алуу мүкүнчүлүгүнө, тилдин өнүгүш тенденциясын алдын-ала баамдай алуу жөндөмүнө жараша болот, б.а. өткөндүн фактысын чанбай, тилдин азыркы абалын терең аңдап, келечегин боолголоп, анан тигил же бул фактыны кодификациялоо зарыл. "При кодификации необходим не жесткий консерватизм, а предусмотрительный либерализм, учитывающий более широкие перспективы в рамках общего процесса развития языка" [1: 38]. Чын-чынына келгенде тилди агып кирген "жаңы" нерселерден сактаган жана анын тарыхый улануучулугун, өтүүчүлүгүн, туруктуулугун камсыздаган "аша чаппаган консерватизм" менен акырындап "жылжып" кирип, норма катары тааныла баштаган, жарыша колдонулуп, мурдакыга катарлаш жүргөн жаңы формалар, варианттарды пайда кылган "аша чаппаган либерализм" кайсы экендигин, кандай экендигин аныктоо эң оор жана татаал нерсе экендиги талашсыз. Ошондуктан тигил же бул текстте кайсы сөз нормага төп, кайсы варианты нормага төп эмес, кайсынысы туура, кайсынысы туура эмес, кайсы вариантты колдонуу зарыл, кайсы вариантты колдонбоо керек экендигин, тилдеги консерватизм менен либерализмдин айкашуу чегин так ажырата албай, кодификациянын практикалык маселелерин ачык чече албай түйшөлүп жүрбөйбүзбү.

Ушул өңүттө чыгып, тигил же бул тексттин кыргыз адабий тилинин нормасына ылайык кодификацияланышынын төмөнкү учурларын белгилөөгө болот: Ченемдик-укуктук актылардын тили катуу регламенттелген, стандартташтырылган тил катары көркөм-поэтикалуулуктан алыс болушу, маалыматты так, таасын, таамай чагылдырып, берилип жаткан ойдун маанисин, мазмунун бузуп-бурмалабай, логикалык ырааттуулукту тыкыр сактоосу зарыл.

Бул үчүн, биринчи кезекте, стилдик жана грамматикалык жактан сүйлөм туура түзүлүшү керек. Аныктагыч менен аныктадгыч, белгилегич мемен белгиленгич өз-өз ордунда бири менен бири кыргыз тилинин нормасына ылайык тизмектешиши зарыл. Мисалы: 1. "Бешинчи шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүнүн ишин баштады"; 2. "№ 1 шаардык балдардын бейтапканасы"; 3. "Убактылуу эмгекке жараксыздыгы жөнүндөгү справка талап кылынат"; 4. "Эл ишенимине ээ болуп, депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлгөн аялдардын көпчүлүгү шайлоо өнөктүгүнүн учурунда өз кандидатураларын алып коюшту. Мындай өкүнүчтүү көрүнүштүн негизги себептеринин бири, байкашымча, кай бир шайлоо округдарына татыктуу аялдар талапкерликке көрсөтүлбөй калгандыгынан улам.

1-мисалда Бешинчи шайланган Кыргыз Республикасы болуп калса, 2- мисалда №1 шаардык балдар болуп калган, 3-мисалда Убактылуу эмгек болуп калган. Бул мисалдар-

да аныктагыч менен аныкталгыч бири-бири менен кыргыз адабий тилинин объективдүү табигый нормасына төп тизмектешпестен, кодификациянын талабы бузулган. Ал эми 4-мисалдын биринчи бөлүгүндө "Эл ишенимине ээ болуп, депутаттык талапкерликке көрсөтүлгөн аялдардын көпчүлүгү шайлоо өнөктүгү учурунда өз кандидатураларын алып коюшту", - деген сүйлөм аркылуу аялдар депутаттыкка көрсөтүлүп, бирок өзүлөрү кандидатураларын алып салышты деген ой айтылган. Ал эми экинчи бөлүгүндө мындай өкүнүчтүү көрүнүштөрдүн, б.а. аялдардын өз кандидатураларын шайлоо өнөктүгү учурунда алып салууларынын себептерин ачуу жөнүндө ой башталган. Бирок сүйлөмдүн үчүнчү бөлүгүндө аялдардын өз кандидатураларын өздөрүнүн алып салгандыгынын себеби – «татыктуу аялдар талапкерликке көрсөтүлбөй калгандыгынан улам» деген ой айтылат. Демек, бир эле сүйлөмдүн үч бөлүгү бирин-бири танган, бирине-бири каршы-кайчы маанидеги ойлордун стилдик, синтаксистик, грамматикалык жактан туура эмес түзүлгөн жыйындысынан уюшулган, сүйлөм логикалык жактан таптакыр туура эмес. Сүйлөмдүн логикасынан чыксак: 1. Аялдар депутаттыкка талапкер болуп көрсөтүлөт; 2. кандидатураларын өздөрү алып салат; 3. анын себеби кай бир шайлоо округдарында, аялдар талапкерликке көрсөтүлбөй калган.

Бул мисалды кыргыз адабий тилинин стилистикалык, синтаксистик, ал эми сөздөргө мүчө улануудa морфологиялык нормасы бузулуп, нормативдик кодификация такыр эске алынбаган. Мында шайлоо өнөктүгүнүн эмес шайлоо өнөктүгү учурунда, депутаттыкка талапкерликке эмес депутаттык талапкерликке, шайлоо округдарына эмес, шайлоо округдарында деген тизмек туура тизмек катары эсептелет.

Демек, кыргыз адабий тилинин нормасынын бузулушу, сакталбашы кадыресе тексттер менен катар эле укуктук-нормативдик актылардын тексттеринде да өтө арбын кездешет. Укуктук-нормативдик актылардын тилинде нормалаштырууну талап кылган жана анын кодификацияланышын шарттаган негизги типтүү учур катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Укуктук-нормативдик актылардын орус тилинде кабыл алынып, анан кыргызча которулушунун натыйжасында;
2. Орусча текст менен кыргызча текстте шайкештиктин, адекваттуулуктун жоктугу, маанилик ажырымдын, дал келбестиктин, логикалык карама-каршылыктын болушун тартипке келтирүү;
3. Сөзмө-сөз которуучулуктун кесепетинен текстте плеоназм көрүнүшүнүн, көп сөздүүлүктүн көбүрөөк кездешишин болтурбоо;
4. Текстте лексикалык, грамматикалык, орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык каталардын орун алышын тескөө;
5. Грамматикалык формалардын сөздөргө ыгы жок эле, ашыкча, катар-катар жалгаша беришин, ар түрдү формалардын колдонулушун болтурбоо;
6. Түшүнүктөр, атоолор, терминдерди туура колдонбоону, алардын бир эле текстте бир нече варианттарынын катар колдонула беришин; бир эле түшүнүктү бир нече сөздүн варианты менен атоону жоюу;
7. Кош маанилүү, өтмө маанилүү жана көп маанилүү сөздөрдүн жыш колдонулушуна бөгөт коюу;
8. Эмоционалдык - экспрессивдик сөздөрдүн, жаргон, элестүү сөздөрдүн колдонулушуна жол бербөө.

Албетте, укуктук-нормативдик актылардын тексттеринде кездешкен бул өңдүү жана мындан башка толуп жаткан мүчүлүштөрдү болтурбоо үчүн ар бир типтүү катаны талдоого алып, анын нормага төп, шайкеш келгендерин нормативдик кодификациялоо жолу менен стандартташтыруу зарыл.

Улуттук доордогу адабий тилдин колдонушун шарттай турган негизги белги катары, бир жагынан, улуттук доордогу адабий тилдин жаралышына негиз болуп, анын андан наркы өнүгүшүндө да тилдик нормалык белги катары улуттук доорго чейин эле колдонулуп келген туруктуу объективдүү табигый белгилер эсептелсе, экинчи жагынан, улуттук доордогу адабий тилдин функционалдык поливаленттүүлүк туунду белгиси, үчүнчү жагынан, тилге акыл-эс, аң-сезимдүү түрдө таасир этүү менен тилдик табыйгый норманы өнүктүрүү аркылуу аны нормалаштыруу жана ошол нормалаштырылган норманы кодификациялоо эсептелет. Тилдик нормага акыл-эс, аң-сезимдүүлүк менен таасир этип, анын элементтерин белгилүү деңгээлде тескеп, "мунусу мындай", "тигиниси тигиндей" болушу керек, бул "нормага жатат, мунусун норма деп эсептөөгө болбойт" деген сымал кийлигишүү коомдун алдыңкы катмары-окумуштуу тилчилердин түздөн-түз ишмердиги менен тескелет. Ошондуктан норманы нормалдаштыруу, нормал-

даштырылган норманы кодификациялоо белгилүү деңгээлде тилге стандарттуулук, жасалмалуулук мүнөз жаратканы менен, бул ишмердикти улуттук доордогу улуттук адабий тил үчүн өтө зарыл иш деп эсептейбиз. Ушул субъективдүү ишмердик улуттук доордогу улуттук адабий тилдин андан аркы өнүгүшүн, улут үчүн бирдиктүү бир адабий тил катары калыптанышын, улут үчүн байланыш-катнаштын чыныгы куралы катары анын эң жогорку деңгээлдеги формасы экендигин жана анын реалдуулугун көрсөтөт.

**Адабияттар:**


1. Актуальные проблемы культуры речи / под ред. В. Г. Костомарова и Л. И. Скворцова. – М.: Наука, 1970.
2. Гавранек Б. Задачи литературного языка и его культура. – Пражский лингвистический кружок. – М., 1967.
3. Едличка А. О пражской теории литературного языка. // Пражский лингвистический кружок. Сб. статей. Под общ.ред. Н. А. Кондрашовой. – М.: Изд.-во «Прогресс», 1967.
4. Ицкович В.А. Языковая норма. – М, 1968.
5. Леонтьев А.А. Слово в речевой деятельности. – М., 1965.
6. Семенюк И.И. Норма. Общее языкознание. Формы существования, функции, история языка. – М., 1970.
7. Степанов Г.В. О двух аспектах понятия языковой нормы. – Методы сравнительно-сопоставительного изучения романских языков. – М., 1966.
8. Филин Ф.П. О норме литературного языка. – Развитие стилистических, систем литературных языков народов СССР. – Ашхабад, 1968.